# ЭФОТК (IFRIC) 6 түшүндүрмөсү

***"Спецификалык рыноктогу ишмердүүлүккө байланыштуу келип чыккан милдеттенмелер – мөөнөтүн иштеп бүткөн электрдик жана электрондук жабдуу"***

## Шилтемелер

- *"Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар*" ФОЭС (IAS) 8
- *"Бааланууучу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер"* ФОЭС (IAS) 37

## Баштапкы маалымат

1 ФОЭС (IAS) 37нин 17-пунктунда милдеттендирүүчү окуя болгон милдеттин жаралышына алып келүүчү мурунку окуяны билдирери, жана ишкана мындай окуя менен түзүлгөн милдеттенме боюнча эсептешүүлөрдү  жүргүзүүнүн иш жүзүндөгү альтернативасына ээ эмес экендиги көрсөтүлүп турат.

2 ФОЭС (IAS) 37нин 19-пунктуна ылайык бааланууучу милдеттенмелер «ишкананын келечектеги иш-аракеттерине карабастан болгон өткөн окуялардан улам келип чыгуучу милдеттенмелер» боюнча гана таанылууга тийиш.

3 Мөөнөтүн иштеп бүткөн жабдуунун чогултулушун, иштелип чыгышын, калыбына келтирилишин жана экологиялык коопсуз жок кылынышын жөнгө салуучу Европа Бирлигинин «Мөөнөтүн иштеп бүткөн электрдик жана электрондук жабдуулар жөнүндө» (WE&EE) директивасы электрдик жана электрондук жабдуулардын объектилерин эксплуатациялоодон чыгаруу боюнча милдеттенмелерди таануу мөөнөттөрүнө байланышкан бир катар маселелерди жаратты. Директива менен «жаңы» жана мурунку» сатуулардан калган  мөөнөтүн иштеп бүткөн жабдуулардын ортосундагы жана жеке үй-чарбаларынын жана үй-чарбаларынан айырмаланган булактардын мөөнөтүн иштеп бүткөн жабдууларынын ортосундагы айырмачылык белгиленген. Жаңы сатуулардан калган мөөнөтүн иштеп бүткөн жабдуу 2005-жылдын 13-августунан кийин сатылган продукцияга кирет. Аталган Директиванын максаттарында бул күнгө чейин сатылган кандай болбосун тиричилик жабдуусу  мурунку сатуулардан калган мөөнөтүн иштеп бүткөн жабдуунун пайда болушуна алып келүүчү болуп эсептелет.

4 Директивага ылайык мурунку сатуулардан калган мөөнөтүн иштеп бүткөн жабдууну утилдештирүүгө кеткен чыгымдарды ЕБнын ар бир мүчө мамлекетинин тийиштүү мыйзамдары менен аныктала турган белгилүү бир мезгилде (баалоо мезгили) рынокто ишмердүүлүктү жүргүзүшкөн тиешелүү типтеги жабдуунун өндүрүүчүлөрү тартууга тийиш. Директивада ЕБнын ар мүчө мамлекети өндүрүүчүлөрдү тиешелүү чыгымдарды пропорционалдуу негизде, мисалы, «ушул типтеги жабдуулар рыногундагы алардын үлүшүнө пропорционалдуу» негизде төлөөгө милдеттендирүүчү механизмди киргизүүгө тийиш экендиги көрсөтүлгөн.

5 Ушул түшүндүрмөдө колдонулуучу «рыноктун үлүшү» жана «баалоо мезгили» сыяктуу айрым терминдер ЕБнын мүчө мамлекеттеринин ар кайсы мыйзамдарында ар түрдүү аныкталышы мүмкүн. Мисалы, баалоо мезгилинин узактыгы бир жылды же болгону бир айды түзүшү мүмкүн. Ушул сыяктуу эле ар кайсы мамлекеттердин мыйзамдарында рыноктун үлүшүн баалоо методдору жана тийиштүү милдеттерди эсептөө формулалары ар

© ФОЭС Фонду

түрдүүчө болушу мүмкүн. Бирок бардык келтирилген мисалдарда айырмачылыктар милдеттенмелерди баалоого гана тиешелүү болот, ал ушул Түшүндүрмөнүн колдонуу чөйрөсүнө кирбейт.

## Колдонуу чөйрөсү

6 Ушул түшүндүрмө өндүрүүчүлөрдүн финансылык отчеттуулугунда мурунку сатуулардан калган мөөнөтүн иштеп бүткөн тиричилик жабдууларынын сатылышына карата колдонулуучу «Мөөнөтүн иштеп бүткөн электрдик жана электрондук жабдуулар жөнүндө» ЕБнын Директивасына ылайык калдыктарды утилдештирүү боюнча милдеттенмелеринин таанылышын регламенттейт.

7 Ушул түшүндүрмө жеке үй-чарбаларынан тышкары, кандайдыр булактардан жаңы жана мурунку сатуулардан калган мөөнөтүн иштеп бүткөн жабдууга таандык аспектилерди караштырбайт. Калдыктарды утилдештирүү боюнча милдеттенмелер тийиштүү түрдө ФОЭС (IAS) 37 менен регламенттелген. Ошентсе да, эгер тигил же бул мамлекеттин мыйзамына ылайык жеке үй-чарбаларынын жаңы сатууларынан калган мөөнөтүн иштеп бүткөн жабдуу жеке үй-чарбаларынын мурунку сатууларынан калган мөөнөтүн иштеп бүткөн жабдуууга окшош эске алынат, ушул түшүндүрмөнүн принциптери ФОЭС (IAS) 8дин 10 – 12-пункттарында белгиленген иерархия эске алынуу менен колдонулууга тийиш. ФОЭС (IAS) 8деги иерархия ЕБнын Директивасында келтирилген чыгымдарды бөлүштүрүү моделине окшош аныкталган милдеттерди койгон башка ченемдик актыларга да колдонулат.

## Суроо

8 Эл аралык финансылык отчеттуулуктун түшүндүрмөлөрү боюнча комитет электрдик жана электрондук жабдууларды эксплуатациялоодон чыгаруу контекстинде калдыктарды утилдештирүүгө кеткен чыгымдар боюнча бааланууучу милдеттенменин таанылышына карата колдонулган ФОЭС (IAS) 37нин 14(a)-пунктуна ылайык эмне милдеттендирүүчү окуя болуп саналарын аныктоону өтүнгөн:

- мурунку сатуулардан калган мөөнөтүн иштеп бүткөн жабдууну түшүндүргөн тиричилик жабдууларын өндүрүүбү же сатуубу?
- баалоо мезгилинде тиешелүү жабдуу рыногунда ишмердүүлүктү жүргүзүүбү?
- калдыктарды утилдештирүү боюнча иш-чаралардын жүрүшүндө чыгымдардын келип чыгышыбы?

## Консенсус

9 Баалоо мезгилинин ичинде тиешелүү жабдуу рыногунда ишмердүүлүктүн жүргүзүлүшү ФОЭС (IAS) 37нин 14(a)-пунктуна ылайык милдеттендирүүчү окуя болуп саналат. Демек, мурунку сатуулардан калган мөөнөтүн иштеп бүткөн тиричилик жабдууларына карата калдыктарды утилдештирүү боюнча чыгымдар жагынан милдеттенме продукцияны өндүрүү же сатуу учурунда келип чыкпайт. Анткени мурунку сатуулардан калган мөөнөтүн иштеп бүткөн тиричилик жабдууларына карата милдет утилдештирилүүгө жаткан буюмдарды өндүрүү же сатуу менен эмес, а баалоо мезгилиндеги ишмердүүлүктү жүргүзүү менен байланышкан, эгер баалоо мезгилинде ишкана рыноктун катышуучусу болуп саналбаса, милдет келип чыкпайт. Милдеттендирүүчү окуянын пайда болуу мөөнөтү

© ФОЭС Фонду

да конкреттүү мезгилден көз каранды болбойт, анда калдыктарды утилдештирүү боюнча иш-чаралар ишке ашырылат жана буга байланыштуу чыгымдар келип чыгат.

## Күчүнө кирүү күнү

10 Ишкана ушул түшүндүрмөнү 2005-жылдын 1-декабрынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонуу кубатталат. Эгер ишкана ушул түшүндүрмөнү 2005-жылдын 1-декабрына чейин баштала турган мезгилдерге карата колдоно турган болсо, анда ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

## Өткөөл жоболор

11 Эсеп саясатындагы өзгөртүүлөр ФОЭС (IAS) 8ге ылайык эске алынууга тийиш.

© ФОЭС Фонду